УДК 8(07)

Түргөнбаева А.А.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# Ч. АЙТМАТОВДУН ӨМҮР БАЯНЫН ОРУС ТАЙПАЛАРЫНДА (УЛАНТУУЧУ) ОКУТУУДА КОЛДОНУЛГАН АЙРЫМ БИР ЫКМАЛАР

*Макалада билим берүүдө учурдун талабына ылайык болгон интерактивдүү ыкмаларды Ч.Айтматовдун өмүрү, чыгармачылык жолун улантуучу орус тайпаларында өтүүдө кандай ыкмада колдонуу керек жана жыйынтыктары тууралуу сөз болду.*

Кыргыз тилин орус тайпаларында окутуунун технологиясын жаңыртуу кеп ишмердүүлүгүнө, коммуникативдик–практикалык максатка багытталгандыгы менен айырмаланат. Ошондуктан окутуунун негизги максаты – бул коомдо тынымсыз болуп жаткан өзгөрүүлөргө, социалдык турмуштагы жаңылануууларга ылайыкташуу. Бүгүнкү күндүн шартында тилди окутуп-үйрөтүүдөдүйнөлүк билим берүү деңгээлинен артта калбоо, студенттердин натыйжалуу кеп ишмердүүлүгүнүн ыкмаларын иштеп чыгуу; студенттин коомдук турмуштун түрдүү тармактарына чыгармачылык менен жигердүү катышуусу үчүн зарыл болгон тилдик өбөлгөлөрдү практикалык жактан өздөштүрүүсүнө жетишүү; ал аркылуу студенттин коммуникативдик жөндөмүн, кеп маданиятын керектүү деңгээлге жеткирүү керек.

Кыргыз тилин окутуунун технологиясын мына ушул багыттарда өркүндөтүүнүн негизги милдеттеринин бири – жогорку окуу жайларында орус тайпаларында кыргыз тили предметин окутуу ишин мазмундук жактан жаңы ыкка буруу, бүгүнкү күндүн талабына ылайык келген интерактивдүү методдорду практикалоо, улуттук жана дүйнөлүк баалуулуктарга таянуу менен окутуу–тарбиялоо ишин бийик деңгээлге көтөрүү менен байланыштыруу.

Учурда билим берүү мекемелеринде методикада интерактивдүү, сынчыл ой жүгүртүү деп аталган усул-ыкмалар, окутуу технологиялары кеңири жайылтылып жана колдонулуп жатат. Тилекке каршы, интерактивдүү окутууда жаралып жаткан көптөгөн усул-ыкмалар методист окумуштуулар тарабынан азырынча жалпыланып, топтоштурулуп, атайын педагогикалык–методикалык, илимий–теориялык жагынан кенен иштелип чыга элек. Ошондуктан кыргыз тили боюнча жаңы окутуу ыкмаларына байланышкан маселелер арбын.

Студенттер кыргыз тилин үйрөнүүгө, негизинен, сабак учурунда гана мүмкүнчүлүк алышат. Ошондуктан буга бөлүнгөн сааттарды жигердүү пайдалануу жана жогоруда айтылган интерактивдүү усул–ыкмаларды теманы ыңгайына жараша туура тандап алып колдонуу да зор мааниге ээ.

Тилди үйрөтүү белгилүү бир теманын тегерегинде жүргүзүлүп, ал билим берүүнүн негизги принциптерине жооп берип турушу керек. Бул бериле турган материалдын зарылдыгы, кызыктуулугу жана аны өтүү методикасынын темага бапма – баптыгы, чактыгы менен аныкталат. Мына ушул окутуунун эки зарыл талабы бири–бирине айкашканда гана окутуунун натыйжасы көрүнөт.

Кыргыз тилин үйрөнүү маселеси сабакта кептик чөйрөнү куруу же кызыктуу, зарыл болгон маселенин тегерегинде иштөө менен гана чектелбейт. Себеби кыргыз тилинин азыркы абалында көпчүлүк студенттер аны баа алуу үчүн керек сабак катары гана кабыл алышат. Студент мындай шартта белгилүү бир көнүгүүлөрдү

аткарып, грамматикалык калып – формаларды жаттоо, эсине түйүп калуу менен гана чектелет да, сабактан сырткары бул тилди колдонбойт. Ошондуктан эң негизги маселе студенттин кыргыз тилин милдетүү сабак катары да жана кептик байланыш түзүүдөгү зарыл каражат, кесип алуудагы негизги тилдик курал катары колдонулушуна жетишүү келечектин милдети болуп турат.

Эми кеп оролун түздөн-түз жогоруда айтылган интерактивдүү усул-ыкмалар менен өтүлүүчү «Чынгыз Айтматов – залкар жазуучу» деп аталган сабактын өзүнө, интерактивдүү методдун бир нече түрүнүн кайсы учурда кандай колдонуларына буралы.

Сабактын билим берүүчүлүк максаты доорубуздун улуу жазуучусу Ч.Айтматовдун басып өткөн жолу, дүйнө элине таанымал чыгармалары жөнүндө студенттерге кеңири мааламат берүү. Кептик тема менен грамматикалык теманын байланышын түзүү болсо, ал эми тарбия берүүчүлүк максаты кыргыздын улуу жазуучусунун турмуш жолун, чыгармаларын окутуу аркылуу студенттердин жашоо, адам, эмгек жөнүндөгү маалыматтарын аттыруу, Ата Мекенин сүйүүгө, патриоттуулукка, өткөн тарыхыбызга кайрылуу менен кыргыздын улуу инсандарынын ишин баалоого тарбиялоого багыт берүү болуп саналат.

Алгач теманы баштоодон мурун студенттик аудиториянын көңүлүн жаңы темага буруу максатында ыр окуп берем. Бул сабактын чакыруу стадиясы. Алгач ырдын аты, автору жөнүндө студенттерге маалымат берилбейт.

**Аман болсун сиздин алтын башыңыз!..**
Даанышманга айтуу ойду дандуураак,
Кандай кыйын болуу керек камдуураак!
Мен андыктан ой элегин элеймин,
Жазган пикир болсун үчүн жандуураак.
Жандан башка Жамиланын мүнөзү,
Канча адамга татыгандай бир өзү!
Аалам кезип, таап кетти бакытын,
Анын ушул болгон эле «күнөөсү»!
«Саманчынын жолун» салып батышка.
Сансыз адам сүйүп окуп жатышса!
Толгонайды кимдер баалап-барктабайт,
Толгон элдер толкуп баалап жатышса.
Байтемирлер, Илиястар, Аселдер –
Кыргыз уулу, кыргыз кызы - өз элдер.
Кыйыр кезип кылымдарга баратат,
Бир ашуу эмес, миң ашуудан өтө бер!
Эдигейди, Танабайды, Чорону
Бул сабакта кантип унтуп коөлу!
Момун чалдай карыялар баш болуп,
Төргөөтүшсүн улуулашып оболу!
Балдар да бар Сейит өңдүүөспүрүм,
Султанмурат, Анатайлар көп бүгүн.
Жоламандай «маңкурт» болуп калбастан,
Таап кетсин татаал кезде өз күнүн.
Аларда да чакыралы чоң тойго,

Кирискти чыгаралы чоң жолго,
Бала тапсын Ак кемеден атасын,
Бардык элдин алып туруп батасын.
Атабайлы Сегизбаев кууларды,
Орозкулдай кара мүртөз урганды,
Чакырбайлы, бирок келсе келишсин,
Эл өзү оңдоп тарбиялайт «тууганды».
Раймаалы ырын ырдап олтурсун,
Ырыскынын ыр кесесин толтурсун,
Акбаранын агызбайлы көз жашын.
«Атам» дебей Бостон агай жөн турсун!
Болуп бары бүгүн толук ашына,
Чогулалы Найман бейит башына,
Өткөндөрдү бир эскерип кол жайып,
Бак тилейли калган кары-жашына.
Көңүлдөгү ойду бүгүн табалы,
Гүлсаратты таптап туруп чабалы,
Тайторунун тукуму го ал кургур.
Чыгып келсе бир керекке жарады!

К. Чолпонова

- Кана, балдар, бул ыр ким жөнүндө болду?

Студенттер жоопторун беришет.

- Туура айтасыңар, бул ыр заманыбыздын залкар жазуучусу Ч. Айтматов тууралуу болду, биздин бүгүнкүөтүлүүчү ачык сабагыбыз дагы Чыңгыз Айтматов тууросында болмокчу.

Мындан ары сабакты БББ стратегиясында улайм.

- Кана, балдар, силерге мындай тапшырма, азыр баарыбыз Айтматов жөнүндө билгендерибизди эске түшүрөбүз (ойлонууга 3 мүнөт).

Студенттер ойлонуп, ойлорун топтогуча доскага стратегиянын таблицасы чийилет.

**Стратегия жөнүндө жалпы түшүнүк.**

**Стратегия кандай жыйынтыктарды берет?**

- текcттин мазмунун жана маанисин түшүнүүдөгү башкаруу процесси болот,
- интеллектуалдык ишкердүүлүктү жөнгө салат,
- теманы андан ары иштоого студенттин ишкердүүлүгүн активдештирет,
- маалыматтын үстүндөөз алдынча иштөө жөндөмүн камсыз кылат,
- тема боюнча билген маалыматтарды кыска жана так жазуу жүзүндө бере алат.

**Стратегиянын жүрүшү:**

Биринчи «Билем» графасына студенттердин тема боюнча билгендерин, ар биринин оюн суроо менен жазам.

Экинчи «Билгим келет» графасына студенттердин өтүлгөн тема боюнча дагы кандай кошумча маалыматтарды билгилери келери тууралуу жазам.

Үчүнчү «Билдим» графасына бүгүнкү сабакта билген жаңы маалыматтарды

<table>
<tr><td colspan="3">жазабыз (жаңы маалымат үчүн студенттерге тема боюнча тексттер жазылган баракчалар таратылат).<br>Стратегия төмөнкү ыкмада жүргүзүлөт:</td></tr>
<tr><td>Билем</td><td>Билгим келет</td><td>Билдим</td></tr>
<tr><td>Студенттер өзүлөрү Айтматов боюнча билген маалыматтарын кыскача жазышат. Андан кийин жуп-жубу менен иштешип, бири - биринен маалымат алмашышат. Ушундан кийин гана студенттер айткан оозеки маалыматтарды доскага жаза баштайм. Мисалы,<br>1. Ч.Айтматов 1928-жылы Таластын Шекер айылында туулган.<br>2. Атасы Төрөкул репрес-сия учурунда курман болгон.<br>3. Эң биринчи чыгармасы «Газетчи Дзюйо» деп аталат.<br>4. «Кызыл алма» деген аңгемеси бар.<br>5. Чыгармалары боюнча көптөгөн кинолор тартылган.<br>6. Жазуучу 2008-жылы дүйнөдөн кайткан ж.б.</td><td>Биринчи бөлүк толтурулуп бүткөндөн кийин, экинчи «Билгим келет» бөлүгүнө студенттер Айтматовдун өмүрү, чыгармачылыгы боюнча дагы кандай маалымат-тарды билгилери келет. Мисалы,<br>1. Айтматов кандай сыйлыктарга ээ болгон?<br>2. Биз билбеген дагы кандай чыгармалары бар?<br>3. Акыркы чыгармасы эмне деп аталат?<br>4. Драма жанрында чыгармалары барбы?<br>5. Чыгармалары кайсы тилдерге которулган? ж. б.</td><td>Экинчи бөлүм бүткөндөн кийин студенттерге Айтматовдун өмүрү, чыгармачылык жолу боюнча жазылган тексти бар баракчаларды таратуу менен өзүм текстти студенттерге окуп берем. Текст окулуп бүткөндөн кийин студенттер жаңы алган маалыматтарды ар бири оозеки айтып беришет, ошону менен эле катар экинчи бөлүктөгү суроолорго жооп жазылат.</td></tr>
</table>

Ошондой эле кептик тема менен грамматикалык теманын байланышын түзүү максатында студенттерге төмөндөгүдөй тапшырмалар берилет:

1. **Сөздөрдү тексттин негизинде түгөйлүштүргүлө**(бул тапшырманы студенттер жуп менен иштешет):

| | |
|---|---|
| Улуу | окуйт |
| кызматкердин | бурду |
| өспүрүм | жыйноочу |
| берилип | чыгармалары |
| налог | чагы |
| көңүлүн | сыйлыкты |
| Айтматовдун | алган |
| мамлекеттик | үй-бүлөсүндө |
| сыйлыгын | жазуучусу ж.б. |

2. **Тиешелүү мүчөлөрдү улап, сүйлөм түз**

Ыйман… ынсап… бол… жазуучу… повест… башкы маселе… бири. Акыр… бала… жомок… эң сонун карман… - Мүйүз… Бугу Эне… тукум… өл… Бала кыял… балык бол… матрос ата… сүз… кет… кел… ж.б.

3. **Этиштин терс формасынын мүчөсүн улап, сүйлөм түз**

*Тим бол, колунан түшүр, текке кетир, бекер отур ж.б.*

Грамматикалык көнүгүүлөр жыйынтыкталгандан кийин сабактын максатын ишке ашыруу жана мурдагы сабактарда өтүлгөн материалдарды жаңы сабак менен байланыштыруу аркылуу теманы бышыктоо үчүн «Алыкул жана Чыңгыз» деген темада Венндин диаграммасы иштелет. Диаграмма студенттердин анализ жана синтез сыяктуу ой көндүмдөрүн өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берет.

**Стратегияны ишке ашыруу кадамдары:**

1. Салыштыруулардын негизги параметрлерин аныктоо (мээге чабуул).
2. Венндин диаграммасы боюнча салыштырылып жаткан көрүнүш, кубулуш, обьектини иликтөө.
3. Салыштыруулардын жыйынтыгын презентациялоо.

**Диаграмма эмне берет?**

- Студенттердин анализ жана синтез көндүмдөрүн өнүктүрөт.
- Обьект жана түшүнүктөрдөгү салыштырылып жаткан жалпылыктарды белгилөө билигичтигин иштеп чыгат.
- Логикалык ойлоону өстүрөт.

Венндин диаграммасын бышыктоо, кайталоо сабактарында жана үйгө тапшырма берүү үчүн колдонууда жакшы натыйжа берет. Себеби мында анализ жана синтездин негизинде алынган так жана кыска, жыйынтыктоочу маалыматтар менен алган билимдер бекемделет жана бышыкталат.

Эгерде студенттер: Ч.Айтматовдун өмүрү жана чыгармачылык жолун толук билишсе; маалматтардын баалуулугуна ынанышса; мурда алган билимдерин жаңы маалыматтар менен толуктай алышса; сабакта алган маалыматтардын негизинде Ч.Айтматовдун коомдогу, кыргыз адабиятындагы ээлеген ордун аныктай алышса; көз караштарын коргой алышса; топ ичинде бири-бирин сыйлап, уга билип, сылык мамиледе болушса; студенттерде жоопкерчилик сезими пайда болсо; ийгиликке жетиш үчүн атаандашып иштешсе; ошондой эле убакытка туура мамиле жасашса, мына ушундай усул-ыкмаларды колдонуу менен сабак жогорудагы коюлган максаттарга жетти дейбиз.

Жогорудагы ыкмаларды жеке эле Ч.Айтматовдун өмүр жолун өтүүдө гана эмес, бардык сабактарда колдонуу бир кыйла натыйжасын берери биздин иш тажрыйбабызда далилденди. Себеби бүгүнкү күндө окутуунун мындай ыкмалары окутуучунун ар кандай жаңы нерселерди ойлоп табууга болгон аракетин, студенттердин кызыгуусун жаратып, алардын кругозорунун өсүшү үчүн өбөлгө түзүп, демилге берери маалым болуп отурат. Булардын бардыгына жыйынтыктуу натыйжа бериш үчүн биз сабактын традициялык методдорунан бир аз четтеп, интерактивдүү методдун ар кандай түрлөрүн сабакка пайдалануу менен жыйынтыгын көрсөк болот.

Адабияттар:

1. Буйских Т.М., Задорожная Н.П. Критическое мышление в преподавании

общественных дисциплин: Методическое пособие для преподавателей вузов. - Бишкек: ОФЦИД, 2003.

2. Зотов Ю.Б. Организация современного урока. –М.: Просвеүение.

*3.* Заир-Бек С., Муштавинская И. Развитие критического мышления на уроке. Пособие для учителя. –М., 2004.

*4.* Краевский В.В., Бережнова Е.В. Методология педагогики. –М.: Издательский центр «Академия», 2006.

*5.* Мусаев С.Ж. Текст: прагматика, структура. –Бишкек, 2000.

*6.* Педагогика: педагогические теории, системы, технологии. /Под ред. С.А. Смирнова. –М.: Издательский центр «Академия», 2000.

*7.* Сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү боюнча эл аралык «Перемена» сайты http://ct-net.net/ru/ct_tcp_ru.

*8.* Үсөналив С., Үсөналиева Г. Кыргыз тилин инновациялык (жаңылануу) процессинин негизинде окутуу. -Бишкек: «Инсанат» борбору, 2007.